«Бекитемин»
Жалал-Абад мамлекеттик
университетинин илимий иштери
боюнча проректору,
ф-м.и.д, профессор К.С. Алыбаев
________________
«24» 04 / 2020-ж.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы Философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын 2020-жылдын 20-апрелинде өткөрүлгөн кеңейтилген жыйынынын №16 протоколунан

# КӨЧҮРМӨ

**Кафедра жыйынына катышкандар:**

1. Токтогулова Г.Т. – жыйындын төрайымы, 09.00.03 философия илимдеринин кандидаты, доцент, профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы «Философия жана гуманитардык илимдер» кафедрасынын башчысы;
2. Омукеева Дж.А. – 23.00.02 саясий илимдеринин доктору, профессор;
3. Жоробеков Ж.Ж. – 23.00.02 саясий илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз Улуттук илимдер академиясы, ага илимий кызматкер;
4. Абдрашев А.Б.- 23.00.02 саясий илимдеринин доктору, профессор, К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык Академиясы;
5. Зулпукаров А.З. – 08.00.05 э.и.д., профессор, ЖАМУ;
6. Эшиев А.К. – 23.00.02 саяс.и.к., профессор, МНУ;
7. Сулайманов Э.Ж. – 07.00.07 т.и.к., профессор, ЖАМУ;
8. Айдаркулов К.А. – 07.00.02 т.и.к., профессор, ЖАМУ;
9. Токоева Г.С. – 09.00.03 ф.и.д., профессор, ЖАМУ;
10. Авазов Э. А. – 07.00.02 т.и.к., доцент, “Тарых кафедрасынын” башчысы ЖАМУ;
11. Анарбаева Г.А. – 07.00.02 т.и.к., доцент, “Тарых кафедрасы” ЖАМУ;
12. Шамшиев Р.К. – 09.00.03 ф.и.к., доцент ЖАМУ;
13. Алымкулов Б.Н. – 23.00.02 саяс. и.к., доцент ЖАМУ;
14. Шерматов А.О. – ага окутуучу ЖАМУ;
15. Доранова А.Д. – ага окутуучу ЖАМУ;
16. Мамытов М.И. – окутуучу ЖАМУ;
17. Мурзакметов Т.Т. – окутуучу ЖАМУ;
18. Жолдошева Н.А. – окутуучу ЖАМУ;
19. Аманкулова А.Т. – окутуучу ЖАМУ;
20. Кожоназарова Ы.М. – окутуучу ЖАМУ;
21. Калиев А.С. – изденүүчү;
22. Алдозова Н. – окутуучу ЖАМУ, жыйналыштын катчысы.

**Күн тартибинде:**

Калиев Азамат Сайитовичтин 23.00.02 - Саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунуштоо үчүн «**Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)**» темасына изденип жазылган диссертациялык ишин талкулоо.

**Илимий жетекчиси**: Саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробекович.

**Рецензенттер:** саясий илимдеринин доктору, профессор А.Б.Абдрашев, саясий илимдеринин кандидаты, профессор А.К.Эшиев, саясий илимдеринин кандидаты, доцент Б. Н.Алымкулов.

**УГУЛДУ:** Профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы Философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент Г.Т.Токтогулова диссертант А.С.Калиевдин илимий жетекчиси саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж.Жоробековдун диссертация боюнча пикирин окуп берди:

Теманын актуалдуулугу, этностор аралык мамилелердин өнүгүү тенденцияларын прогноздоо, улуттук-этникалык толеранттуулук принциптерин ишке ашыруу, коомдогу инсандын ордун социо-маданий аң-сезимин жогорулатууга багыт алуу, кадр саясатын жүргүзүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролу изилдөөнүн негизги мазмунун түзүп теманын актуалдуулугунан кабар берет.

2011-жылдан бери А.С.Калиев “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)” деген аталыштагы диссертациянын үстүндө иштеди. Бул убакыттын ичинде изденүүчү бул маселе боюнча адабияттарды талдоо жана кайра карап чыгуу боюнча иштерди кеңири жүргүзүп, теоретикалык жана методикалык изилдөө базасын негиздеди, эмпирикалык маалыматтарды иштеп чыгуу менен практикалык сунуштарды иштеп чыкты.

Тема Кыргыз Республикасынын ички саясатынын эң приоритеттүү тармагы. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун саясий, социалдык кызматташтыктарын кеңири талдаган, манилүү илимий изилденген эмгек.

Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп Эгемендүү Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүнө конфликтүү кырдаалды жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен өкмөттүк эмес уюмдардын ролун жогорулатуу үчүн этностор аралык мамилелерди комплекстүү, системалуу талдоо жана келечектеги приоритеттүү багыттарына сунуштарды аныктоо.

Диссертант тарабынан диссертациялык иш үч главада ар тараптуу талданды. Атап айтканда, диссертациялык иштин автору эл аралык мамилелерди изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык негиздерин аныктады. Этностор аралык мамилелердин негизги кызматташтыктарын жана багыттарын изилдеди, приоритеттүү багыттарын саясий талдоого алган.

Автордун келтирген изилдөөсү жеткиликтүү децгээлде илимий анализдин методдорун билүүсүн, чоң көлөмдүү илимий талдоо жүргүзүүсүн, этностор аралык мамилелердин теориясын жана практикасын, ошондой эле ички саясат жаатында чоц тажрыйбага ээ экенин тастыктайт.

Илимий даярдыктын деңгээли, жактооого каралган А.С.Калиевдин диссертациялык ишин 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деген пикирин берген, илимий жетекчиси саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Ж.Ж.

**Токтогулова Г.Т**. – отурумдун төрайымы, философия илимдеринин кандидаты, доцент, профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысы: Урматтуу коллегалар! Бүгүнкү күн тартибинде Калиев Азамат Сайитовичтин, саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичтин жетекчилиги астында 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн **«Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)»** темасына жазылган диссертациялык ишин талкуулоону сунуштоого уруксат берүүцүздөрдү суранам. Диссертациялык иш Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы «Философия жана гуманитардык илимдер» кафедрасында бекитилип, аткарылган. Изилдөө ишинин негизги жоболору жана тыянактары илимий конференцияларда жакталып 22 илимий журналдарга макаласы жарыяланган. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Соз дисссертациялык иштин негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн изденүүчү А.С.Калиевге берилет. Убакыт 10 мүнөт.

**Угулду:** Соз изденүүчү А.С.Калиевге берилип, өз сөзүндө изилдоө ишинин максат милдеттери, илимий жаңылыгы жана натыйжалары менен тааныштырып, коргоого белгиленген жоболордун актуалдуулугу, изилдөө деңгээли, методикалык, теориялык, практикалык маанилүүлүгүнө, тыянактарга жана практикалык сунуштарга токтолду.

**Токтогулова Г.Т.** – жыйындын төрайымы, философия илимдеринин кандидаты, доцент, профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы «Философия жана гуманитардык илимдер» кафедрасынын башчысы: Биз изденүүчүнүн диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштык. Урматтуу

коллегалар! Диссертациялык иштин структурасы, маани маңызы боюнча суроолор болсо изденүүчүгө берсеңиздер болот.

**Омукеева Дж.А.** - саясий илимдеринин доктору, профессор: Сиздин базалык билимиңиз кандай?

**Изденүүчү:** Мен Жалал-Абад коммерциялык институтунун экономика адистиги боюнча 2000-жылы, Ошол эле институттун менеджмент адистиги боюнча 2001-жылы, 2011- жылы Кыргыз Республикасынын президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу Академиясын, менеджмент адистиги боюнча магистратурасын артыкчылык дипломдору менен аяктагам. 2005-2017 жж. Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун Жалал-Абад шаарындагы жана Сузак районундагы коомчулукту колдоо боюнча эксперти, 2011– жылдан Экономика жана Ишкердик университетинде, инвестиция боюнча адис, 2011-2014-жж. Европа Коопсуздук жана Кызматташтык Кеңешинин тынчтыкты куруу долбоорунун алкагында Жалал-Абад шаарында "Ынтымак жарчылар тайпасынын" жетекчиси жана тренери болуп иштеп келдим. 2014-жылдан "Сайит Ата" коомдук уюмунун жетекчиси болуп иштеп келем.

**Токоева Г.С.** – философия илимдеринин доктору, профессор, ЖАМУ;
1. Темаңызга жакын кайсы окумуштуулардын эмгектери менен тааныштыгыңыз бар? 2. Башка изилдөөлөрдү пайдаланыпсыз. Өзүңүз да изилдөө жүргүздүңүз беле?

**Изденүүчү: 1**. Этностук көйгөйлөр көптөгөн окумуштуулардын изилдөө объектине айланып, ар түрдүү теориялык моделдер сунушталган. Тактап айтсак, философиялык, тарыхый, социологиялык, конфликтологиялык, саясий, психологиялык жана башка багыттар бар. Аталган көйгөй боюнча Р.Г.Абдулатипов, Р.Б.Абсаттаров, Ж.М.Абдилдин, С.М.Абрамзон, В.С.Агеев, Ю.В.Бромлей, О.Н.Громов, Н.Д.Джандильдин, М.С.Джунусов, В.А.Тишков жана башка окумуштуулардын эмгектерин белгилеп өтүүгө болот.

Белгилүү болгондой Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык конфликтер ар бир жыйырма жылда кайталанып жаткандыктан, ар бир илимий чөйрөнүн изилдөө объектине айланды. Мындай изилдөөлөр ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде да анализденген. 1990-жылдагы Оштогу кандуу окуянын себептерин изилдөө максатында социология илимдеринин доктору, профессор А.Б.Элебаеванын жетекчилиги менен социологиялык изилдөө жүргүзүлүп, этностук чыңалуунун айрым себептери аныкталган. Ушундай эле баалуу материалдар улуттук коопсуздук кызматынын ошол кездеги кызматкери Т.Разаковдун эмгегинде да бар. Конфликтүү окуяларга байланышкан анча-мынча жана түздөн-түз же кыйыр түрүндө окумуштуулар Р.А.Ачылова, А.О.Алишева, Дж.А.Омукеева, А.Т.Балтабаев, Н.А.Бердяев, Б.Ж.Бешимов, И.В.Волков, К.Исаев, Б.Д.Джамгерчинов, М.К.Джангарачева, Б.М.Төрөгелдиева, Ш.Ниязалиев, А.А.Сабиров, Э.Ж.Сыдыгалиева, Ч.Д.Чотаева, Т.Джуманалиев, ж.б, да баяндай кетишкен. Аталган проблеманы тарыхый өңүттөн -А.Асанканов, А.Д.Донрнбаев, Т.Кененсариев, Т.О.Ожукеева, С.С.Ибраимова, З.К.Курманов, С.Ж.Текенова, ж.б. окумуштуулар изилдешкен.

Ал эми социологиялык аспекттен С.С.Нурова, Н.А.Омуралиев, А.Б.Элебаева, А.К.Джусупбеков, К.Б.Бектурганов, Т.С.Сарыков, Р.Б.Салморбекова, Ж.Т.Нурдинова ж.б, демографиялык өңүттөн - Ж.Ж.Жоробеков ж.б, саясий жана философиялык көз караштан М.Т.Артыкбаев ж.б, илимий талдоого алышкан.

2. Мындан сырткары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликт учурундагы конфликти жөнгө салуу ишмердүүлүгүнө эксперттик сурамжылоо жүргүздүм. Анда 500дөн ашуун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адистери, жарандар жана эксперттер Ош, Жалал-Абад жана Баткен областарынан тартылган. Суроолордун негизин 2010-жылы түштүктө болуп өткөн этностор аралык конфликт учурундагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдарынын конфликти жөнгө салуу багытындагы ишмердүүлүгү, институционалдык кызматташтыктар түзгөн, Анкетанын негизинде саясий салыштырма талдоо жасадым. Анын жыйынтыгы төмөндөгү көрсөткүчтү көрсөттү:

жынысы: эркектер – 53%; аялдар 47%;

билими: орто-3%; кесиптик орто билим-15%; бүтө элек жогорку 7%; жогорку 75%;

- улуту: кыргыздар 65%; өзбектер- 27%; орустар 3%; тажиктер-2%;

башка улуттар-3%. Сурамжылоодогу негизги максат жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттар арасындагы этностор аралык мамилеге басым жасалды. Бул суроонун тегерегинде көптөгөн респонденттер этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттар арасындагы байланыштын мамиленин башкача айтканда саясаттын ролунун жогору экендигин белгилешкен. Ал эми конфликтүү кырдаалда конкреттүү эмне аткарганын так көрсөтө алышкан эмес. Жалпысы 70% жергиликтүү бийликтин ролунун жогору экендигине басым жасайт, ал эми эмне иш аткарганын сүйлөшүү, ынтымакка чакыруу жана тынчтандыруу деген сыяктуу түшүндүрмөлөр 37% берип, калган 63%дык көрсөткүч эч нерсе жасаган жок жана билбейм деген жооптор менен чектелген. Негизинен алынган сурамжылоо калктын көп улуттуулугунан кабар берет, ошондой эле эки багыттагы көз караш байкалды: а) бийлик түзүмүнүн көз карашы жана б) карапайым жарандардын көз карашы.

Ушул эки көз карашты топтоо менен төмөндөгүдөй натыйжаларга жетиштик. Анкетадагы катышуучулардын саны жагынан да жергиликтүү жамаат басымдуу орунду ээледи жана сурамжылоонун 70% айыл-кыштактардан, ал эми калган 30% шаардыктарды түздү. Сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй карапайым жашоочулардын көйгөйүн чечүү канчалык бийлик үчүн жакындан тааныш болсо, бийликте ошончолук деңгээлде этникалык азчылыктын дискриминациялык көйгөйлөрүн ийгиликтүү чечүү мүмкүнчүлүгү жарала тургандыктарын белгилешкен.

**Абдрашев А.Б**. – саясий илимдеринин доктору, профессор;

1. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу кандай?

**Изденүүчү:** Изилдөө ишимдин 2.2. бөлүмчөсү “Этностор аралык конфликтерди чечүүдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү” деп аталып, Кыргызстанда жашоо кечирип мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө өз салымын кошкон бардык жарандар, этностук азчылыктын өкүлдөрү менен саясий мамилени чыңдоосу негизги маселе. Эл аралык укуктук нормаларда да этникалык топтор аралык мамилелердин өнүгүүсүнө болгон укуктары камтылат. Кыргыз мамлекетинде да этностор аралык конфликтерди чечүүдө Конституцияга, эл аралык жана мамлекеттик укуктук ченемдик актыларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алардын тажрыйбасына негизденебиз. Анын өнүгүшүнүн потенциалы мамлекеттин бардык жарандарынын консолидациясын күчтөндүрүү. Саясий илимдеринин тактап айтканда салыштырма саясат таануу дисциплинасынын теориялык негиздерин аныктоо менен дүйнөлүк жана регионалдык процесстердин Кыргызстандын ички саясатына тийгизген оң жана терс таасирлери талдоого алынган. Изилдөө ишинин жыйынтыгы көрсөткөндөй этностор аралык конфликти жөнгө салууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү жогору экендиги белгилүү болду.

**Сулайманов Э.Ж –** тарых илимдеринин кандидаты, профессор, ЖАМУ; 2010-жылы болгон этностор аралык конфликтердеги өкмөттүк эмес уюмдардын ролу кандай болду?

**Изденүүчү:** Диссертациялык иштин 3.1. **“Кыргызстандагы этностор жана улут аралык мамилелерди жөнгө салуудагы өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердиги, тажрыйбасы”** бөлүгүндө этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда өкмөттүк эмес уюмдардын ролун аныктоодо жарандык коомдун тийгизген таасири орчундуу орунда турат. Анткени Кыргызстанда эгемендик жылдардан бери өкмөттүк эмес уюмдардын чоң тобу калыптанды. Жергиликтүү деңгээлдеги этностор аралык конфликтер жана аны жөнгө салуудагы методологиясын, механизмдерин окуп үйрөнүү чоң мааниге ээ.

Кыргыз Республикасы демократиялык өнүгүү багытында күчтүү жарандык коомду түзүү жолунда калыптанып келет. Ошого карабастан кайсы бир этностун укугун коргоо иш аракетинде негативдүү таасир көрсөтүүсү да мүмкүн. Демек, өкмөттүк эмес уюмдар бул Кыргызстандагы бир институт. Анын ишмердүүлүгү позитивдүү болгондо гана коомго пайда алып келет.

Эксперттер өкмөттүк эмес уюмдардын санынын көбөйүшүн биздин мыйзамдардын либералдуулугу менен байланыштырып, мамлекеттик көзөмөлгө алуунун зарылдыгын белгилешет. Кыргызстандын коомдук турмушунда өкмөттүк эмес уюмдардын активдүүлүгү байкалат. Бүгүн бардык тармактарда – чарбалык, гуманитардык, социалдык, укук коргоо жана саясий процесстерде иштеп жатышат. Жарандык коомдун турмушу саясий социалдык чөйрө менен тыгыз байланышта. Өкмөттүк эмес уюмдардын азыркы иш аракеттери Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 15-октябрында №111

“Коммерциялык эмес уюмдар” жөнүндөгү мыйзамына таянып иш алып барат. Коммерциялык эмес уюмдарга: коомдук бирикмелер, фондтор, ж.б кирет.

**Айдаркулов К.А. - тарых илимдеринин кандидаты, профессор, ЖАМУ;** Кыргыз мамлекетинин саясатында изилдөөңүз келечекте эмнени берет?

**Изденүүчү:** 1. Нормативдик укуктук базалар Кыргызстандын стратегиялык максатына дал келүүсү жана этникалык саясат менен коомдун консолидациясын чагылдырган концепцияга негизденүүсү зарыл.

2. Кыргыз Республикасынын бардык бийлик бутактары 1990, 2010-жылдардагы окуяларда андагы бийлик кетирген каталарды кайталабоо үчүн бардык чараларды көрүүгө тийиш. Күч-аракеттерди “күнөөлүүлөрдү жазалоого” эмес, конфликтин себептерин жок кылууга багыттоосу зарыл.

3. Укук коргоо органдары этностор арасына от коюу аракеттерине, өзгөчө массалык маалымат каражаттары аркылуу жол бербөө боюнча иш-аракеттерин күчөтүүсү, толеранттуулукту пропагандалоо, улутчулдук жана экстремисттик мүнөздөгү материалдарды жарыялоого жол бербөө үчүн өлкөбүздүн маданий жана этникалык көп түрдүүлүгүн, мамлекеттин саясатын чагылдырган массалык маалымат каражаттарынын кодексин иштеп чыгуу керек.

4. Улутчулдук жана этникалык коомчулуктардын өкүлдөрүн басмырлоо Кыргызстандын келечегине терс таасир этет. Ар бир жаран өзүн мамлекеттик коомдун толук укуктуу мүчөсү катары сезгенде гана этностор аралык мамилелер жогорулаарын коомчулукка жеткирүү зарыл.

**Эшиев А.К. – саясий илимдеринин кандидаты, профессор, МНУ;** Кыргызстандын саясатында этностор аралык конфликтерди болтурбай коюу мүмкүнбү?

**Изденүүчү:** Кыргызстандын элин бириктирүүгө багытталган программалуу документти иштеп чыгуу, этностор аралык ынтымакты бекемдөөдө мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу, жарандык коомдун күч-аракеттерин бириктирүү, бирдиктүү жарандык улутту калыптандыруу аркылуу жетишүүгө багыт алууга мүмкүн.

**Зулпукаров А.З. – экономика илимдеринин доктору, профессор, ЖАМУ:** Кыргызстандын түштүгүндө этностор аралык конфликт кайрадан кайталануусу мүмкүнбү?

**Изденүүчү:** Азыркы мезгилде Кыргызстанда этностор аралык чыңалуу дале сакталууда. Анын мүнөздүү белгиси катары социалдык экономикалык мүнөздөгү чечилбеген бир топ маселелер бар. Ал эми этностор аралык чыңалууда төмөнкү көрсөткүчтөгү себептердин бири катары психологиялык жана маданий мүнөздөгү көрүнүштөр да, социалдык экономикалык, психологиялык жана саясий туруксуздук факторлору кездешет. Биздин пикирибизче 1990, 2010-жылдардагы окуялар белгилүү деңгээлде стихиялык мүнөзгө ээ кыргыз жана өзбек этносторунун айрым мүчөлөрү тарабындагы ар түрдүү правокаторлордун таасири менен курчуп, саясий туруксуздук жарып чыккан. 1990 жана 2010-жж. жүз берген этностор аралык конфликтер

өлкөбүздөгү бардык этностор менен болгон саясий мамилени көрсөттү. Этностор аралык мамилелер башка коомдук мамилелер сыяктуу комплекстүү интегралдык мүнөзгө ээ болгон социалдык таасирдин бир түрү. Коомдун башка бардык чөйрөсүн да өз ичине камтыйт.

Полиэтностуу Кыргыз мамлекетинде айрыкча чоң этностордун тобу жашашкан Кыргызстандын түштүгүндөгү конфликтен кийинки абал өз нугуна түшкөнү менен этностор аралык конфликт болбойт деп эч ким кепилдик бере албайт. Изилдөө көрсөткөндөй, этностор аралык конфликтерди алдын алуу, мамлекеттин саясатынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын кызматташтыгынан көз каранды.

**Авазов Э.А. – тарых илимдеринин кандидаты, доцент. ЖАМУ;**
1963-жылдагы массалык баш аламандыктын этносаясий анализи саясий изилдөөнү талап кылабы?

**Изденүүчү:** 1963-жылы Жалал-Абад шаарында жаштардын ортосундагы чыр-чатактын субъектилери да эки, үч этностун өкүлдөрү болгон. Бул иш Коммунисттик Партиянын интернационалисттик саясатынын нормаларына ылайык жабылып калган деген маалыматка ишенүүгө болот. Бул багытта “катуу жабык” материалдар болуп эсептелген жана убакыттын өтүшү менен пайдаланууга берилген Ош облустук партиянын саясий архивине атайын уруксат алуу менен изилдөө иши жүргүзүлгөн.

СССРдин саясатында “улуттар аралык чыр-чатактардын” чыгышы бул бүтүндөй Социалисттик коомдун саясатына карама-каршы келгендиктен жөн гана “жаштар арасындагы массалык баш аламандык” деп жабылган. Кантсе да саясий архивден алынган Коммунисттик Партиянын Ош облустук комитетинин брюронун жыйналышынын протоколу, Жалал-Абад шаардык ички иштер бөлүмүнөн берилген отчеттук протоколунда 24-26 апрель 1963 –жылдагы материалдарда “өзбек”, “түрк” улутундагы көчө балдарынын этностук таандыктары көрсөтүлгөн. Бул окуяны эске салуу менен биз болгону этноконфликтердин тамыры терецде экендигин далилдегибиз келди. Андыктан этносаясий анализи саясий изилдөөнү талап кылат дегенге негиз бар.

**Анарбаева Г.А. – тарых илимдеринин кандидаты, доцент, ЖАМУ;**
Этностор аралык конфликтерге изилдөө жүргүзүп кандай жыйынтык чыгардыңыз?

**Изденүүчү:** Этностор аралык мамилелердин теориялык жана методологиялык негиздери, концепциялары, теориялык моделдер, изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык жана функционалдык багыттары анализденип этностор аралык конфликт социалдык жашоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү мамлекетте кездешкен саясий туруксуздук жарып чыгуусу менен шартталары аныкталды.

**Шамшиев Р.К. - илимдеринин кандидаты, доцент, ЖАМУ;**
Этнос менен улуттун айырмасын кандай карайсыз?

**Изденүүчү:** Этнос алгачкы калыптанган уруу, топтук түзүлүш. Улут этностун негизинде калыптанган саясий жаңы термин. Этностор аралык мамилелердин теориялык жана методологиялык негиздери концепциялары,

теориялык моделдер, изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык жана функционалдык багыттары этникалык топтор талдоого алынды.

**Алымкулов Б.Н. – 23.00.02 саясий илимдеринин кандидаты, доцент, ЖАМУ;** Конфликтин алдын алууга багытталган кандай жолдорун сунуштадыңыз?

**Изденүүчү:** Улутчулдук жана этникалык коомчулуктардын өкүлдөрүн басмырлоо Кыргызстандын келечегине терс таасир этет. Ар бир жаран өзүн мамлекеттик коомдун толук кандуу укуктуу мүчөсү катары сезгенде гана этностор аралык мамилелер чыңдалаарын коомчулукка жеткирүү зарыл.

Этникалык топтор өлкөнүн коомдук турмушунун бардык чөйрөсүндө активдүү жана жоопкерчиликтүү катышуусу, ошондой эле сепаратизмдин ар кандай көрүнүштөрү менен өз убагында күрөшүп биримдикти, ынтымакты орнотуу иш-чараларын жана аракеттерин ишке ашыруу зарыл.

**Шерматов А.О. – окутуучу, ЖАМУ:**
Абдан чоң көлөмдүү изилдөө ишин жазууда кандай кыйынчылыктарга туш келген учурлар болду?

**Изденүүчү:** Изилдөөдө илимий булактардан алынган маалыматтардын ар түрдүүлүгү, бири - бири менен дал келбей калуусу жана изилдөөгө алынган убакыттын көлөмдүүлүгү алынган маалыматтарды талдоодо айырмачылыктар да кыйынчылыктарды жаратты десек болот.

**Токтогулова Г.Т.** – жыйындын төрайымы: Дагы суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда талкулоого өтсөк.

**Абдрашев А.Б. – саясий илимдеринин доктору, профессор (рецензент):** Диссертант изилдөөсүндө диссертациялык ишин үч главада караган, ар бир бапты көлөмдүү жана мазмундуу берүүгө аракет жасаган. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, айкын жана этностор аралык конфликттерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык–методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун өз ара кызматташтыктарынын маани-маңызы мазмуну бүгүнкү күндөгү саясий, экономикалык жана социалдык-маданий мамилелеринин негиздери жөнүндөгү саясат таануу билимдеринин тереңдешин камсыз кылат.

Жыйынтыктарын илимий жоболорун негиздөө үчүн автор саясий илимдеринин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген. Структурасы, жабдылышы, логикалык ырааттуулугу да талапка жооп берет.

Илимий иш жалаң эле корутунду менен чектелбестен, анда диссертанттын сунуштары принципиалдуу ой жүгүртүүлөрү да бар. Иш

келечекте диссертанттын өзү үчүн гана эмес, саясий илимдери менен алектенген Кыргызстандын илимпоздору үчүн дагы кыргыз тилиндеги үлгү боло турган салым боло алат десем жаңылышпайм. Ошентсе да, диссертациялык иш боюнча суроолор бар.

1) Бул темада Кыргызстанда изилдөөлөр болгонбу же биринчиби?

2) Кемчилик катары эмес, сунуш катары изденүүчүгө айтарым:

Биринчи баптын биринчи жана экинчи параграфынын аталыштары 1.1.Этностор аралык мамилелерди изилдөөдөгү заманбап концепциялары менен 1.2.Этностор жана улуттар аралык мамилелерди изилдөөнүн теориялык негиздери, менимче экөөнүн ордун бири-бирине алмаштырсаңыз дурус болот го. Муну жетекчиниз менен кеңешип көрсөнүз.

3) Грамматикалык жана стилистикалык жактан каталар көп кездешет, редакциялоо керек.

Жалпысынан алганда, илимий иш жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде маани-маңызы боюнча жеткиликтүү илимий деңгээлде аткарылган жана коргоого сунуштоого болот.

**Эшиев А.К.- саясий илимдеринин кандидаты, профессор (рецензент):** Калиев Азамат Сайитовичтин темасы жаңы форматта калыптанып жаткан кыргыз коомунун түзүлүшүндөгү көп аспекттүү өзгөрүүлөрдү «Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)» категорияларын изилдөө, алардын генезисин жана кесепеттерин ачып көрсөтүү, өзгөрүүлөрдү эл аралык мамлекеттик башкаруу нугунда жөнгө салуу процесстерин жакшыртууга салым кошо турган тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгуу маанилүү болуп жатат. Андыктан, изденүүчү А.С.Калиев Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролуна (этносаясий анализ) багытталган диссертациялык иши мезгилдин талабына толук төп келип илимий-тажырыйбалык мааниси жагынан да абдан актуалдуу десек жаңылышпайбыз.

Диссертациялык иштин авторефератын карап чыгууда логикалык ырааттуулук жана изилдөөгө коюлган максаттар системалык түрдө коюлган. Диссертациялык изилдөөдө этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу саясий-социалдык байланыштары, кызматташтыктары жөнүндө жазылган бөлүк автордун кеңири диапозонунун камтылышы, масштабдуу ой-жүгүртүүсү жана талыкпаган зор эмгеги жөнүндө кабар берет.

Калиев Азамат Сайитовичтин диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжаларын, иштин орчундуулугун жана маанилүүлүгүн оң баалоо менен, анын төмөнкүдөй кемчилдигине токтолууга болот. Автор башка маалыматтарды карап чыгууда атайын шилтемелерди келтирүүсү зарыл. Мисалы интернет булактарына чыккан материалдар көп колдонулган. Жогоруда айтып кеткендей шрифт, формат, проценттик саноо маанисине көнүл буруу керек.

Сунуш ирээтинде кийинки маалыматты бир диаграммага киргизип берүү маңыздуу болмок. Же өзгөчө жерлерине басым жасоо менен талдоо керек.

Корутундунун мазмунун бир аз күчтөнтүү зарыл. Кээ бир кыргызча сөздөрдү алмаштыруу мисалы, анализдөөнү – талдоо деп. Ушул сыяктуу орус тилинен алынган кээ бир сөздөрдүн маанисин карап чыгуу зарыл.

Жалпысынан диссертант тарабынан көлөмдүү жумуш аткарылган. Сын-пикирди кабыл алуу же кабыл албоо автордун жана илимий жетекчиси тарабынан чечилет.

**Алымкулов Б.Н. – саясий илимдеринин кандидаты, доцент, (рецензент):** Диссертациялык иште ата-мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянуу менен көз карандысыздыкка ээ болгон алгачкы жылдарынан бери келе жаткан Кыргызстандагы этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу саясий ишмердүүлүктөрүнүн негизги багыттары, андагы негизги көйгөйлүү маселелер каралган. Ушуга байланыштуу, иштин негизги максаты катары этностор аралык мамилелердин өнүгүүсүнө комплекстүү, системалуу талдоо жасоо жана келечектеги приоритеттүү өнүгүү багыттарына сунуштарды иштеп чыккан.

